Абакиров К.
*Ж.Баласагын ат. КУУ*

# «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ АДАМСЫМАЛ ЖАНА ЗООМОРФТУК ОБРАЗДАР

**«Манас» эпосундагы негизги каармандардын бардыгы – адамдар!** Коомдогу социалдык абалы, урук-уруусу, жери, дини, жынысы, кыял-жоругу, шык-жөндөмү, өнөрү ар башка мына ушундай каармандар «Манас» эпосунун тулку боюна кан жүгүртүп, ажарын ачып, элдин жан-дилине сиңирип турушат. Буларсыз эпос жаралмак да, аздектелип айтылмак да эмес. Мисал катары алууга боло турган шумдуктуу, түрү суук персонаждар (Макелдөөнүн аскери) анын образдар системасынын көп түстүүлүгүнүн бир үлгүсү болсо да, эпосто баатырлар менен айымдарга тең чамалаш, удаалаш сүрөттөлгөн туруктуу жана эпизоддук мүнөздөгү жоон топ кейипкерлер бар. Мына ошондой **адам эмес же адамсымал айрым белгилерге ээ болгон персонаждарды сырткы өзгөчөлүктөрүнө жана аткарган** милдеттерине карай кадыресе жан-жаныбарлар (1), сыйкырдуу–кереметтүү сапаттары бар жан-жаныбарлар (2), жандандырылган табият көрүнүштөрү, нерселер (3) жана мифологиялык-жомоктук кейипкерлер (4) деген шарттуу топторго бөлүп кароого болот. Булардын көбүндө зооморфтук сапаттар басымдуу.

I. Шексиз түрдө, эпостун негизги персонаждарынын ири тобу баатырлар, жоокерлер менен тең катар, удаалаш сүрөттөлүп, көп учурда аларга тагдырлаш болуп калган **тулпарлар** эсептелет. Көчмөн элдердин жашоосундагы жылкынын мааниси узак далилди талап этпейт. Ал эми майда болобу, ири болобу согуштарда, жоокердик жүрүштөрдө чыдамдуу, күчтүү жана күлүк аттар канчалык роль ойногондугу да көп сөзгө муктаж эмес. “Ат – адамдын канат, “Ат, аттан кийин жат”, “Тайбуурулдун тартуу болуп кеткени – Семетейдин ажалынын жеткени” деген өңдүү макал-лакаптар, учкул сөздөр тегин жерден чыкпаган. Чыгармада жылкы чарбасына, жылкычылык өнөрүнө арналган саптар, кыска эпизоддор орун алганы менен, баатырлардын минген аттарына, алардын сын-сыпатына, келбетине, күлүктүгү, күчтүүлүгү, чыдамдуулугу менен катар алардын ар бирин башкалардан айырмалап турган кадыресе же гиперболизацияланган өзгөчөлүктөрүнө айрыкча басым жасалып, бул жагынан алар баатырлардын өзүлөрүнөн кем эмес даражада турат. Баатыр менен анын негизги тулпары тагдырлаш болуп, аларды бир-биринен ажыратуу мүмкүн эмес болуп калат. Өзүнө татыктуу тулпары жок баатыр дээрлик баатырдык даражага көтөрүлбөсө, баатыры жок тулпар да катардагы эле көп жылкынын бирине айланып, көрксүз болуп калат. Эпосто унаа-көлүк, мингич ат, тамак-азык жана байлык иретинде кыска баян этилген жылкылар, үй айбандары, мергенчиликтин объектиси же табияттын байлыгы катары каралган жапайы айбанаттар, канаттуулар (ж.б.) кадыресе жан-жаныбарлардын тобун түзсө, баатырлар минген тулпарлар айрым кемчил жактары болсо да, эреже катары, бөтөнчө күчтүүлүгү, чыдамдуулугу, күлүктүгү, чарчабас-тыгы, өз ээсине берилгендиги менен айырмаланат. Алардын бир тобу кереметтүү сапат-касиеттерге ээ болгон өзгөчө жаныбар болуп чыгат да, бул жагдай алардын баатырларга кыйчалыш, оор шарттарда эң ишеничтүү жардамчысы болушу менен түшүндүрүлөт. Мындай архаикалык рудимент мүнөзү сакталган тулпарларга манастаануучу **Ж.Орозобекованын** пикиринде Чалкуйрук, Аккула, Мааникер, Алгара, Тоотору, Чабдар, Бозтулпардын образдары кирет [1, 4-б.]. Ошол эле учурда алар күлүк, күчтүү, сулуу жылкылар катары сыпатталат. Алардын сырткы көрүнүшү да, кыялдары да реалдуулуктан алыс турбай, кайсы бир деъгээлде өзүнүн ээси болгон баатырдын образына кошумча штрихтерди киргизип турат. Мүнөздөрдүн шайкештиги алардын бири-бирин толук түшүнүп, согуш аракеттеринде бир бүтүндүктү түзгөн абалга жеткирет.

Эпикалык салтка ылайык, Сарала (Алманбет), Torучаар (Манас), Телкызыл (Кутубий), Бозайбан (Жакып), Кулагер (Акбалтай), Көктулпар (Бакай), Карткүрөң

(Ажыбай), Көгала (Чубак), Ачбуудан (Жолой), Кылкүрөң (Эр Дөңгө), Телжээрде (Эсенкан), Наркызыл (Жанаалы, Акылай), Кылжээрде (Билерик) сыяктуу тулпарлар бирде салттуу, туруктуу формулалар менен берилсе, бирде өзүнө гана тиешелүү мыкты жана чабал жактары ачыкталып, башкалардан өзгөчөлүгү элестүү көрсөтүлөт. Тулпарлардын аталыштары да жылкылардын табыгий сын-сыпатын жана кулк-мүнөзүн бирдикте чагылдырып, аны минген баатырга шайкеш келип турса, Качыр (Орго), Керик (Чоң Дөөдүр) сыяктуу жаныбарлар аларды минген баатырлардын өзү да, мингичи да жогоркулардан төмөн турарын астыртан кабарлап турат.

II. Оң жана терс борбордук **каармандардын жандоочулары, колдоочулары жана жардамчылары** болуп эсептелген Акшумкар, Желмаян, Кумайык, жолборс, арстан, кабылан, кырк карышкыр, каз, өрдөк, куу түлкү, аркар (ж.б.) сындуу жаныбарлардын да турмуш чындыгына төп келгендери, тулпарлардын кээ бири сыяктуу кереметтүү-сыйкырдуу касиетке ээ болгондору да арбын. Алардын ар бири чыгармада өзүнө гана тиешелүү болгон милдет көтөрүп, ошого жараша эпикалык сыпаттоодон өткөрүлөт [2]. Бул персонаждар, кезегинде, Манастын образына да таасир берип, анын көркөм-идеялык функциясын жогорулатууга өбөлгө болот, б.а., аны миф-жомоктун чөлкөмүнө эмес, тескерисинче гиперболизацияланган реалдуу турмушка жакындаштырат. Бул элдик эпиканын традицияларына да төп келет же **Р.Кыдырбаеванын** сөзү менен айтканда: “Образ Манаса – это уже образ, полностью сливщийся с чисто земными заботами, образ полновластного хозяина своего народа; его сопровождают не необьяснимые черные силы и духи, а конкретизированные в народном сознании сказочные персонажи – дракон, черная птица Алп, сивый волк” [3, 64 с.].

Белгилүү манасиликтөөчү **Р.Сарыпбеков** бул маселеге атайын назар салып, башка элдердин эпостору менен салыштырып: «Алар, бир жагынан, таза фольклордук персонажга айланып баратуу менен, экинчи жагынан, тотемдик жаныбарлык касиетинен да толук ажырап кете элек», - деп жазат [4, 63-б.]. Байтерек, аска сыяктуу жандандырылган табыгый өсүмдүк, жерлер ушундай жан-жаныбарлар менен бирдикте тотемдик борборду уюштурары белгиленет.

Ошентип, **борбордук каарман-дарды колдоочулар, пирлер эки түрдүү: бири – конкреттүү портреттик мүнөздөмөсү дээрлик жок, же өтө күңүрт (Дөөтү, Шаймерден, Кызыр, дубана, кырк чилтен, аярлар ж.б.), келбети адам болуп эсептелген жана экинчиси – зооморфтук (ажыдаар, жолборс, кабылан, кара кулак шер, Алпкаракуш, Акшумкар ж.б.) персонаждар болуп эсептелет.** Булардын ар биринде адамдардын коом, табият, аалам, тууралуу эң байыркы түшүнүк-элестөөлөрүнүн учкул кыял-фантазиясы менен жуурулушкан, мифологиялык-архаикалык мезгил-доорунун ачык жана өңү өчө баштаган издери жатат. Алар, өз кезегинде, жомоктук-фантастикалык көркөм ойлоо элегинен өткөрүлүп, бир тобу өзүнчө жөө жомоктордун каармандары болсо, бир тобу эпостордун сюжеттик курамынан орун алып, анын борбордук каармандарынын образдарына кошумча боёкторду сүртүп, башкачараак түр-түспөлгө эгедер кылып турат. Мунун өзү эпостун каармандарын илимий сыпаттоодо бул көрүнүштүн сөзсүз эске алынышы керектигин түшүндүрөт. Анткени Манастын «идеалдуу образы тегерегинде топтолгон жардамчы каармандар менен бирдикте ачылат»
[4, 140-б.].

Бирок канткен менен жакшылыктын да, жамандыктын да алып жүрүүчүлөрү болгон мындай кейипкерлердин орду «Манаста» чектелүү болуп, анын сыйкырдуу-кереметтүү жомокко айланып кетишине жол берилбеген. Анткени анын негизги, өзөктүү каармандары болуп эпизацияланган кадимки эле адамдар эсептелет.

**III. Эпосто жалпысынан демондук деп атоого боло турган,** адепки сыпаты таза мифологиялык түспөлдө болуп, кийин өзгөрүүлөргө учураган дөөлөр (Мадыкан, Малгун, Чабалай, Маамытбек, Желмогуз уулу Сарыбай ж.б.), ажыдаар, желмогуз, перилер сындуу

образдар өзүнчө бир топту түзөт. Макелдөөнүн (Малгундун) шумдуктуу аскерлерин да ушуларга кошууга болот. Булардын ичинен ажыдаардан башкалары адам түспөлүндө болгону менен, аларда андан башка адамдык сапат-касиеттер дээрлик жок экендиги ачык. Ошол эле учурда дөө, желмогуз, пери сыяктуу персонаждар байыркы чыныгы демондук сын-сыпатынан ажырап, адамдар коомуна жакындата алып келингендиги байкалат. Мындай өзгөрүү жөнүндө манастаануучу **Г.Жамгырчиева** буларды жазат: “Коркунучтуу дөө Макел эпостун стадиялык эволюциясы жараянында акырындык менен мифтик алп жана желмогуздун баштапкы функциясын жогото баштайт. Өзүнүн теңдешсиз күчүнө карабай, бул персонаж кыргыздарга каршы өз каалоосу менен эмес, Кытайдын ханы Эсенкандын өтүнүчү боюнча чыгат. Мында мифологиялык образдын тарыхый трансформациясы болгондугу айгине...” [5, 50-б.]. Демек, “Манастагы” демондук образдардын көбү өзүлөрүнүн архетиптик сыпатын көп жагынан жоготкон жана бул көрүнүш анын узак мезгилдерде жүзөгө ашкандыгын айгинелейт десек болот [6].

Кыскача жана дүнүнөн баяндаганда, “Манас” эпосундагы каармандардын негизги топтору ушундай. Бирок аларды илимий жана илимий эмес (көзү ачык, парапсихолог, кайыптаануучу ж.б.) сыпаттап, түшүндүрүү ыкмалары, тутунган көз караштары жана таяныч эткен каражаттары алда канча көп. Алардын ичинде илимий негиздүүлөрү менен катар эч бир логика сыйбаган, фактылык негизи жок ой жоруулар да бар. Ошондуктан бул жерде образдарга карата эң орчундуу делген көз караштарга гана токтолууга туура келди.

Айтылгандай, **“Манастын” каармандар тутуму ажайып мозаикага окшош.** Салттуу сыпаттоолордун арбындыгына карабай, ар бир каарман сырткы жана ички динамикасы боюнча бири-биринен айырмалуу болуп, аларды чаташтыруу мүмкүн болбогон деңгелге жеткирилгендигин көрөбүз. Инстинк-тивдүү-табигый башталмалар менен бирге алардын негиздүүлөрүнө рационалдык-эрктик, интуитивдик-рухий сапаттар да мүнөздүү болуп, алар активдүү кыймыл-аракеттерде жана жан-дүйнө сферасындагы түйшөлүүлөргө байланыштуу ачылып берилет. Эпостун баатырлар, айымдар, тулпарлар сындуу каармандар тобуна өзгөчө активдүүлүк, күжүрмөн-ыкчамдуулук мүнөздүү болсо, санактан өткөрүү менен чектелген айрым чоролордо, айрым айымдар менен тулпарларда, мифологиялык кейип-керлердин көбүндө жайбаракаттык, пассивдүү байкоочулук (импульсивдүү кескин аракеттерди эске албаганда) роль басымдуулук кылат. Бирок кандай болгон күндө да аларды бири-биринен ажыратуу мүмкүн эмес. Залкар эпос ушундай оомал-төкмөл мүнөзү, б.а., нагыз эпикалык реализми менен да баалуу жана кайталангыс чыгарма болуп эсептелет. “Фольклордо... улуу тарыхый окуялар да, улуу тарыхый идеялар да өз чагылышын тапкан”, - деп Л.И.Емельянов белгилегендей [7, 100-б], “Манас” эпосунун көркөм образдары аркылуу кыргыз элинин кайталангыс көркөм дүйнөсү, анын рух космосу, турмуштук драмасы, комедиясы жана трагедиясы жайгаштырылып, элдин тарыхый эс тутумунда өлбөс-өчпөс окуялар, образдар аркылуу түбөлүктүү, асыл идеялар бөтөнчө жигер, өзгөчө шык менен ырга салынып, элдин бүгүнкү жана эртеңки күндөрү үчүн актуалдуу жана тагдыр чечээрлик маселелер кырынан коюлган. Аларды чечмелөө, түшүнүү жана тиешелүү туура жыйынтык чыгарып, андан ары алгалап, эч качан мүңкүрөп калбай жол арбытуу миссиясын бүтүндөй элге жана анын ар бир намыстуу өкүлүнүн алдына койду. Улуу “Манас” ушунусу менен да улуу болуп, катардагы окурман-угарманды да билим-илимдүү адисти да, эл башкарган инсандарды да түйшөлтүп, дагы далай заман ойго сала тургандыгы шексиз.

Адабияттар:

1. Орозобекова Ж. Культ коня в художественном составе эпоса «Манас». Автореф. дисс… канд. наук. -Б., 1994.

2. **Боровков А.А.** Манастын кумайыгы итпи же кушпу? //Аалам, 1994, № 13 (май), 7-б.; **Адиев К.Н.** «Манас» трилогиясындагы Желмаян төөнүн образы. //Вестник ИГУ им.

К.Тыныстанова. -Каракол, 2000, № 4; **Адиев К.Н.** «Манас» үчилтигиндеги Кумайыктын образы. //Кыргыз тили жана адабияты: илимий-практикалык басылма. Каракол, 2001, № 2, 138-143-б.; **Орозобекова Ж.** «Манас» эпосундагы мифологиялык жандыктардын көркөм образы тууралуу. – Китепте: «Манас» эпосу жана дүйнө элдеринин эпикалык мурасы («Манас» эпосунун 1000 жылдыгын майрамдоого карата өткөрүлгөн эл аралык симпозиумдун тезистери). -Б., 1995.

3. Кыдырбаева Р. Генезис эпоса «Манас». -Ф., 1980. –С. 278.

4. Сарыпбеков Р. «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы. -Ф., 1987. – 150-б.

5. Жамгырчиева Г. «Манас» эпосундагы мифологиялык персонаж-дардын сюжет өнүктүрүүдөгү орду. //ОшМУнун Жарчысы: 2012, № 4, 1-чыгарылыш.

6. **Сыдыков Ш., Сыдыкова Г.** «Манас» эпосундагы баатырлардын колдоочу-пирлери жөнүндө. //Кыргыз тили жана адабияты: илимий-практикалык басылма. -Каракол, № 1, 2000, 154-160-б.; **Адиев К.** «Манас» эпосундагы жалгыз көздүү персонаждын образы. //Вестник ИГУ, № 2, 1999, 118-125-б.; **Мурзакметов А.** Кыргыздардын дарактарга байланышкан ишенимдери. //ОшМУнун Жарчысы, 2012, № 4, I чыгарылыш, 208-212-б.

7. Емельянов Л.И. Методоло-гические вопросы фольклористики. –Л., 1978. –С. 206.